**Майлуу-Суу шаарындагы №5жалпы билим берүү орто мектебинин 2020-2021-окуу жылынын 16-апрель күнү "Эрте турмушка чыгуунун кесепеттери"деген темада 8-11-класстарынын окуучу кыздары менен болгон чогулуштун токтому**

16.04.2019 ж.

Катышуучулар:

1.8-11-класстын окуучу кыздары жана класс жетекчилери

2.Окуучу кыздардан жана мугалимдерден турган кыздар кенешинин төрайымдары

3.Тарбия иштери боюнча орун басары Исмаилова Ж.М.

4. Соц.педагог Акинбекова М.А.

Бабаназарова Ч.А.

Каралуучу маселе:

1.Эрте турмушка чыгуунун кесепеттери

2.Ар түрдүү маселелер(кечки саат 20:00дон кийин көчөдө жүрбөө)

Угулду:Баш сөздү тарбия иштери боюнча директордун орун басары Исмаилова Ж.М.баштап ,чогулдуштун темасы боюнча тааныштыры,15 мөөнөттүк"Эрте турмушка чыгуунун кесепеттери"деген темада видео көрүүгө чакырды.

Андан сон сөз соц.педагог Бабаназарова Чынарага берилип,ал төмөндөгүлөргө токтолду:Кыздар толук түрдө психкалык жана физикалык жактан өсүп жетилген курак 20-22жаш эсептелинет,себеби ошол мезгилде кыздар толук түрдө үй-бүлө күтүүгө даяр экенин көрсөтө алышат.Турмушка эрте чыгууга ашыкпай билим алуу өз кесибицердин ээси болгула.

Сөз кезеги соц.педгог Акинбекова М.А. берилип,ал төмөнкүлөргө токтолду:Бүгүнкү чогулуштун максаты болуп азыркы кыздардын эрте турмушка чыгуусун алдын алуу жана аларга туура кеңеш берүү.Биздин милдетибиз окуучу кыздарга туура жол көрсөтүү жана өз укуктарын коргоону үйрөтүү.Жаш курагы жетпей туруп турмуш куруу,жаңы үй-

бүлөнүн бүтүндүгүнө доо кетирет,анткени сиздер психкалык жактан андай нерсеге даяр боло элексиздер.Дени сак энеден дени сак бала төрөлөт дегендей биринчи кезекте мен турмушка чыгууга даярмынбы деген суроону берип көргүлө.Силерге кеңешим терең ойлонуп,анан чечим кабыл алгыла.

Кийинки маселе боюнча соц.педагог Ч.А.Бабаназарова буларга токтолду:ата-энелерге кайрылып кетем кыздарды н жүрүм-турумун көзөмөлдөп кечкисин жүйөөлүү себепсиз көчөгө чыгарбоону суранамын.Түнкүсүн отуруштарды уюштурбоого чакырып кетемин.Бул кыздардын коопсуздугун жакшы кароого жардам берет деген ойдомун.

Токтом:

1)Окуучу кыздардын жүрүм-турумун көзөмөлгө алуу ата-энелерге жүктөлсүн.

2)Башкы тема боюнча тарбиялык сабактарды өтүү класс жетекчилерге дайындалсын.

3)Эрте турмушка чыгуунун кесепеттери жөнүндө кодекс менен тааныштыруу соц.педагог Бабаназарова Чынара,Акинбекова Махабатка жүктөлсүн.

4)Жогоруда иштердин аткарылышын көзөмөлдөө тарбия иштери боюнча директордун орун басары Ж.М. Исмаиловага милдеттендирилсин.



Scanned by TapScanner

